КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (сегизинчи чакырылышы) V сессиясы**

**Токтом №01-5/ 34**

Сүлүктү шаары

16.06. 2025-жыл

**Жергиликтүү бюджетке пландан сырт түшкөн акча каражатын иш чараларга бөлүштүрүү жөнүндө**

Сүлүктү шаардык мэриясынын 13.06.2025ж, №01-7/1676, №01-7/1681, №01-7/1682 сандагы жергиликтүү бюджетке пландан сырт түшкөн акча каражатын иш чараларга бөлүштүрүү жөнүндө каты боюнча "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча" туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34 беренесинин негизинде Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жергиликтүү бюджетке пландан сырт түшкөн акча каражатынын эсебинен төмөнкү иш чараларга керектүү акча каражаттары бөлүштүрүлсүн:

1) М.Т. Ибрагимов атындагы №3 орто мектебине спорт зал куруу үчүн долбоордук сметалык документтерин (ДСД) даярдоо үчүн 1000 000 ( бир миллион) сом;
2) Кош Булак аймагындагы Д.Жороев көчөсүнө Аллея куруу үчүн долбоордук сметалык документтерин (ДСД) даярдоо үчүн 1 000 000 ( бир миллион) сом;
3) Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин ыкчам башкаруу борборуна туташуучу Камера IP видео байкоо менен камсыздоого 1 000 000 ( бир миллион) сом;
4) И.Раззаков атындагы №7 орто мектебинин жана "Мурас" балдар бакчасынын алдына асфальт төшөө үчүн 1 200 000 ( бир миллион эки жүз миң) сом;
5) Шаардык мэриянын чоң жыйындар залынын бүтпөй калган ремонт иштерине 598 774 ( беш жүз токсон сегиз миң жети жүз жетимиш төрт) сом;
6) Жалпы билим берүүчү 9 орто мектептерине 9 даана интерактивдүү доска алууга 1 000 000 (бир миллион) сом;
7) "Сүлүктү –Келечек" балдар бакчасынын ашканасын жылдырууга 1 634 909 (бир миллион алты жүз отуз төрт миң тогуз жүз тогуз) сом;
8) Элмуратов көчөсүндөгү И.Раззаков атындагы №7 орто мектебинин филиалына чейинки жолду асфальттоо үчүн долбоордук сметалык документтерин (ДСД) даярдоо үчүн 1 000 000 ( бир миллион) сом;
9) Жураев көчөсү менен Мамбетова көчөсүнүн ортосундагы сел кетүүчү сайга тосмо куруу үчүн долбоордук сметалык документтерин (ДСД) даярдоо үчүн 1 000 000 ( бир миллион) сом;

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча" туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

Төрага: Б.А.Абдуназаров